**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 8-апрелиндеги №18 аныктамасына Абдижалил Садыбакасович Эргешовдун даттануусун кароо жөнүндө

# ТОКТОМУ

2021-жылдын 17-декабры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу К.А. Дуйшеев, судьялар М.Р. Бобукеева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Э.Ж. Осконбаев, Ж.И. Саалаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, сот отурумунун катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, А.С. Эргешовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 8-апрелиндеги №18 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана А.С. Эргешовдун өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2021-жылдын 1-мартында А.С. Эргешовдун "Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, "Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 4-бөлүгүнүн 2-пунктун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 28-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндөгү өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан жана ага тиркелген материалдан келип чыккандай, Жалал-Абад областынын Базар-Коргон райондук сотунун 2016-жылдын 26-январындагы өкүмү менен А.С. Эргешов Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (1997-жылдын 1-октябрындагы редакциясы) 166-беренесинин 4-бөлүгүнүн 3-пункту боюнча күнөөлүү деп табылып, 7 (жети) жылга эркиндигинен ажыратылып, ошол эле Кодекстин 63-беренесинин негизинде аныкталган жаза шарттуу деп эсептелинип, 2 (эки) жыл сынак мөөнөтү белгиленген.

Ал эми Жалал-Абад областтык сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча соттук коллегиясынын 2016-жылдын 30-майындагы өкүмү менен Базар-Коргон райондук сотунун 2016-жылдын 26-январындагы А.С. Эргешовго карата чыгарылган өкүмү өзгөртүлгөн. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 313-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1, 2-пункттары менен күнөөлүү деп табылып, эсептик көрсөткүчтүн 40 000 (кырк миң) өлчөмүндө, башкача айтканда 4 000 000 (төрт миллион) сом өлчөмүндөгү айып жазасына кириптер кылынган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча соттук

коллегиясынын 2016-жылдын 15-сентябрындагы токтому менен Жалал-Абад обласττык сотунун жогоруда көрсөтүлгөн өкүмү күчүндө калтырылган.

Арызданууучунун айтымында, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилген Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин негизинде, ага карата жазык ишин жаңы жагдайлар боюнча карап берүү жөнүндө арызы менен кайрылган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча соттук коллегиясынын 2019-жылдын 23-майындагы токтому менен А.С. Эргешовдун арызы канааттандырылуусуз калтырылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жогоруда көрсөтүлгөн токтомунда А.С. Эргешов Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 313-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1, 2-пункттары менен айып жазасына тартылгандыгы, ал эми 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилген Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде аталган кылмыш 326-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1, 2-пункттары боюнча квалификациялануга жатары жана негизги жаза катары айып каралбагандыктан, А.С. Эргешовдун жазык иши жаңы жагдайлар боюнча кайра кароого жатпай тургандыгы белгиленген.

Ал эми өтүнүчтүн автору 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилген Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 326-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1, 2-пункттары боюнча санкция оор болсо, анда ал ага карата колдонулбаарын, ошондой эле аталган берененин санкциясында айып пулдун негизги жаза катары көрсөтүлбөгөндүгү жана ошол эле Кодекстин 68-беренесинде айып пулдун өлчөмү боюнча тиешелүү категориясы анын абалын жеңилдетүүчү жагдай болорун белгилеген.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, А.С. Эргешов талашылып жаткан ченемди Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 28-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы 2021-жылдын 8-апрелиндеги №18 аныктамасы менен төмөнкүдөй негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

2010-жылдын 27-июнунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык ар бир адам Конституция менен таанылган укуктар жана эркиндиктер мыйзам, ченемдик укуктук актылар тарабынан бузулуп жатат деп эсептесе, алардын конституциялуулугун талашууга укуктуу.

Талашылып жаткан ченемде 1997-жылдын 1-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси боюнча соттолгон адамдардын жазык иштери, эгерде алар соттолгон беренелердин санкциялары Жазык кодексинин 87-беренесинин 2-бөлүгүнүн эрежелери боюнча Жазык кодексинин тийиштүү беренелеринин санкцияларынан ашып кетсе, кайра каралсын деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 326-беренесинин 2-бөлүгү ири өлчөмдө же жоопкерчиликтүү абалды ээлеген кызмат адамы тарабынан опузалап пара алгандыгы үчүн IV категориядагы айып салуу менен үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен IV категориядагы, тактап айтканда жашы жетелектер үчүн – төрт жылдан алты жылга чейин, башка адамдар үчүн – жети жыл алты айдан он жылга чейин эркиндигинен ажыратуу жазасын караштырат. Ал эми ошол эле Кодекстин 64-беренесинин 2-бөлүгүнүн төртүнчү абзацында жана 3-бөлүгүндө айып жана белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу негизги гана эмес кошумча жаза катары да колдонулушу мүмкүн, ошондой эле негизги жазага аталган Кодексте каралган учурларда жана тартипте бир же бир нече кошумча жаза кошулушу мүмкүн деп орнотулган.

Демек, А.С. Эргешовдун талашылып жаткан ченем боюнча жалпы юрисдикциядагы соттордун актыларын жүйө катары келтириши, талашылып жаткан ченемдин конституциялуу эместигин далилдөөчү укуктук негиздеме катары эсептегени анын маңызын жана мазмунун туура эмес түшүнүүсүнөн келип чыккан. Ошондой эле, сот адилеттигин башка соттор тарабынан жүзөгө ашыруу тажрыйбасындагы конкреттүү иштер боюнча талаштарды кароо "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарына кирбеси белгиленген.

"Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароого мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын, Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек эл аралык келишимдин же Конституцияга өзгөртүүлөр тууралуу мыйзамдын долбоорунун Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу негиз болуп эсептелет.

А.С. Эргешов судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 8-апрелиндеги №18 аныктамасы менен макул болбостон, 2021-жылдын 23-октябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыздануучу өзүнүн даттануусунда тийиштүү мыйзамдардын Конституцияга карама-каршы келгендигинен улам конституциялык укуктары бузулуп жаткандыгы тууралуу белгилеп, даттануунун калган бөлүгүндө мурда кайрылууда келтирген жүйөлөрүн кайталап көрсөткөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту кайрылууну сот өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кайра кароо тартибинде судьялар коллегиясынын корутундуларына укуктук баа берүү баштапкы кайрылууда келтирилген талаптардын жана судьялар коллегиясынын тыянактарына каршы келтирилген аргументтердин алкагында гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн экендигин белгилейт.

Ал эми арызданууч өзүнүн даттануусунда мурунку кайрылуусунун маңызы боюнча жаңы жүйөлөрдү, ошондой эле судьялар коллегиясынын тыянактары менен шартталган жана даттанылып жаткан аныктаманы жокко чыгарууга багытталган эч бир аргументтерди келтирген эмес.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексин колдонууга киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 Мыйзамынын 5-беренесине ылайык талашылып жаткан ченем 2021-жылдын 1-декабрынан тарта күчүн жоготкондугун белгилейт.

"Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык конституциялуулугу талаш туудуруп жаткан актыны жокко чыгаруу же анын күчүн жоготуусу кайрылууну Конституциялык соттун өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартууга алып келет.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 8-апрелиндеги №18 аныктамасын жокко чыгарууга негиз тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин

1-бөлүгүн, 61-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Абдижалил Садыбакасович Эргешовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 8-апрелиндеги №18 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**